БЕКИТЕМИН
Мектеп директору: Бообек уулу Б.
«_01_»____05____2022-жыл

# Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин китепканачысынын 2022-2023-окуу жылы үчүн түзүлгөн иш планы

Сканировано с CamScanner

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебиндеги китепканачынын 2022-2023-окуу жылындагы иш планы**

| Аткарыла турган иштин мазмуну | Убагы | Ким аткарат |
|---|---|---|
| Китепканага жаңы келген окуу китептерин жана методикалык китептерди кириштеп, мугалимдерге өз кесибине ылайык сунуштап туруу | Жыл ичинде | Китепканачы |
| Класс боюнча класс жетекчилер менен бирдикте окуу китептерди таратуу | Сентябрь | |
| Келгиле окуйбуз долбоору менен окуучуларды тааныштырып жомок китептерди окуп берүү. Бурч уюштуруу | Жума сайын | Китепканачы |
| 5-6-класстын китептерине аренда акча чогултуу | | Ата-энелер комитети |
| Жетпеген окуу китептерин алмаштыруу жолу менен таап, окуучуларды китеп менен камсыз кылуу жана жетпеген китептер боюнча райондук адиске заявка берүү | Сентябрь | Китепканачы |
| 8-сентябрь сабаттуулук күнү | Убагында | Китепканачы, класс жетекчи |
| 9-сентябрь комуз күнү | Сентябрь | Китепканачы, класс жетекчи |
| 23-сентябрь тил күнү | Убагында | Китепканачы |
| Түгөлбай Сыдыкбеков 110 жыл | Убагында | Китепканачы |
| Чолпонбай Түлөбердиев 100 жыл | Убагында | Китепканачы |
| Байдылда Сарногоев 90 жыл | Убагында | Китепканачы |
| Советбек Жумадыловго 90 жыл | Убагында | китепканачы |
| «Мугалим мөмөлүү дарак» доклад, стенд чыгаруу | 5-октябрь | 11-класс, класс жетекчилер, китепканачы |
| Окуу китептеринин таралышы боюнча Районого бир жылдык отчет берүү | Октябрь | китепканачы |
| Ар бир даталуу күндөргө көргөзмө уюштуруп, класс жетекчилерге матриал таап жардам берүү | Даталуу күндүргө | Китепканачы |
| «Манас кыргыз рухунун туу чокусу»-китеп көргөзмө | октябрь | Китепканачы, |
| Белгилүү кыргыз эл жазууларынын чыгармалары боюнча «Кыргыз жазуулары балдарга» китеп көргөзмө уюштуруу | октябрь | Китепканачы, класс жетекчи |
| «Карысы бардын, ырысы бар» 10-класстар менен тегерек стол | Октябрь | ТИУ, Класс жетекчи |
| Китепканага бурч уюштуруу: 1. Клей 2. Скоч 3. Кайчы | Ноябрь | Китепканачы, класс жетекчи |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| Китепканга:<br>1. «жомоктор»<br>2. Жаңы китептер» | | Китепканачы |
| Газета журналдарга жазылуу | Жылына 2 жолу | Администрация |
| Чет элдик адабияттар. Китеп коргозмо. | Ноябрь | Китепканачы |
| Класс жетекчилерге жардам суроо талаптарына жараша | Убагында | Китепканачы, класс жетекчи |
| Бобокторго кооз сүрөттүү китептер (1-4-класстар менен) китепканага | | |
| 1-декабрь СПИДге каршы коргозмо уюштуруу | Декабрь | 8-11-класстар |
| Адам укгунун күнүнө карата аңгемелешүү | 15-деабрь | 8-11-класстар |
| Ар бир жума сайын китептерди текшерүү | Жума сайын ар башка күндө | китептеринин оңдоо ийриминин мүчөлөрү |
| 2023-жылдын 1-январына карата китеп фонду боюнча инвентаризация жүргүзүү | Декабрь | китепканачы |
| Окуу китептерин оңдоо ийрими менен бирге план түзүп, айрылган- тытылган китептерди ремонттоп туруу | Ай сайын | Китепканачы, окуу китептерди оңдоо |
| Каникул мезгилине карата окуучулардын жаш өзгөчөлүктүрүнү жараша үйдөн окууга адабий китептерди берүү | Декабрь | китепканачы |
| Учурдун талабына ылайык, белгилүү кыргыз акын, жазуучулардын жана акылман улуу инсандардын жылдык маракерлерине карата китепканада өз учурунда атайын коргөзмөлөрдү чыгарып туруу | Өз учурунда | 8-11-класстар |
| Баштапгыч класстардын мугалимдери менен бирге окуучуларга ылайык китептерди сунуш кылуу жана жомок окуп берип, китепкана менен тааныштыруу | | |
| Ч. Айтматов жана А. Осмоновдун чыгармачылыгы тууралуу бурч уюштуруу | Декабрь, март | Китепканачы<br>Кыргыз тили мугалимдери |
| Окуу жылдын экинчи жарым жылдыгында окуучуларга айрым окуу китептерин алмаштыруу | Январь | Китептерди оңдоо ийриминин мүчөлөрү |
| Мугалимдер үчүн атайын усулдук китептерин өз учурунда суроо талаптарына ылайык берип туруу | Сураганда | Китепканачы, окуу китептерди оңдоо ийримдери |
| Кыргызстан эгемендүүлүгүнүн жылдыгы | Жыл ичинде | Китепканачы |
| 21-февраль «Тил улуттун жаны китепканада көргөзмө | февраль | Китепканачы, класс жетекчи |
| Мугалимдерге көркөм адабияттарды сунуш кылып туруу(программа боюнча) кабинеттерге ылайык китептерди мугалимдерге сунуш кылуу | Жыл ичинде | Китепкана чы |
| 23-февраль мекенди коргоо күнүнө карата «мекенди коргоо ыйык милдет» китеп | Февраль | Китепканачы, класс жетекчи |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| көргөзмө | | |
| Келгиле окуйбуз 1-4 класстардын (о)куучулары менен бирдикте китепканада аңгемелерди окуу убактысын өткөрүү | Март | Китепканачы |
| (Т)оголгон адабий китептер боюнча иштөө, китептердин ордун толуктоо | Жыл ичинде | Китепканачы |
| 23-апрель китеп күнүнө карата Бүкүл (д)үйнөлүк китеп сүйүүчүлөр жана автордук укуктуу коргоо күнүнө карата окуучулардын өз калеминен жаралган ырларын топтоо, таланттуу окуучулар менен бирдикте адабий кече өтүү | Апрель | Китепканачы |
| (9) май Улуу жеңиш майрамына карата китеп көргөзмө уюштуруу. Акындардын согуш темасындагы чыгармаларынан көргөзмө | Май | Китепканачы |
| (Б)ашка кетип калган окуучулрадардын окуу китептерин толугу менен өткөздүрүп, көзөмөлдөп туруу | Китеп калган учурда | Китепканачы<br>Класс жетекчи |
| Бүтүрүүчүлөрдүн обходной толтуруп, (к)итептерди жана көркөм адабий китептерди толугу менен алып калуу | Июнь | Китепканачы<br>Класс жетекчи |

**Китепканачы :** ~~signature~~ **Г.Калпакова**

Сканировано с CamScanner

**ектеп китепкананын негизги функциялары :**

1. Тарбиялык
2. Билим берүүчүлүк
3. Маалыматтык
4. Маданияттык

**Iектеп китепкананын ишмердүүлүгүнүн мазмуну:**

**I Уюштуруучулук ишмердүүлүк:**

. Китепкананын толук кандуу ишмердүүлүгүн камсыз кылуу жана ченемдик-укуктук базаны окуп үйрүтүү

. Китепкананын ишмердигине маалыматтык жаңыла... жана алдыңкы китепканалык технологияларды үйрөнүүнү ишке ашыруу.

;. Мектеп китепканасына коюлуучу санитардык ченемдерди, талаптарды сактоо техникалык коопсуздуктун аткарылышын көзөмөл кылуу.

**II Милдеттери:**

1. Муундан –муунга деген тарыхый негизди сактоо. Кыргызстандагы тарыхый жана маданий мурастарга аяр мамиле кылууга тарбиялоо.
2. Руханий жана кравалык баалуулуктарга окуучуларды багыттоо
3. Адамдын ички дүйнөсүнө, өзүнүн тарыхына жана тилине сый урмат мамиле кылууга калыптандыруу.
4. Мекенчилдик сезимдерди калыптандыруу.

Сканировано с CamScanner

екитемин:

Іектеп директору: Бообек уулу Б.

_01_»____09_________2022-жыл

**Китепканачынын милдеттери**

1. Окуучунун окурмандык активдүүлүгүн жогорулугу (көркөм адабият)
2. Тематикалык көргөзмөлөрдү жол-жоболоштуруу.
3. Китепканачынын келечектүү иш планын,китепкананы өнүктүрүүнүн келечек планын аткаруу.
4. Китепканачынын иш планын аткаруу
5. Китепкана сааттарын өткөрүү
6. Предметтик мугалимдер менен кызматташтык (мугалимдер менен жеке иш жүргүзүүнү эсепке алуу журналы.)
7. Китепкана фондун толтуруу үчүндемөөрчүлүк каражаттарды тартуу.
8. Мезгилдүү басылмаларга жазылууну жол-жоболоштуруу. Окуу китептерин алуу үчүн жалпы мектептик буйрутманы даярдоо.
9. Китепкана фондун сактоо боюнча иш жүргүзүү
10. Аткаруучулук тартиптин жогорку деңгээли , оорукана барактарысыз иштөө

Китепканачы: Калпакова Гүлшайыр.

Сканировано с CamScanner

| № | *Иштелүүчү иштин мазмуну* | *Өткөрүү мөөнөтү* | *Ким тарабынан аткарылат* |
|---|---|---|---|
| 1 | Китеп көргөзмөлөрдү жаңыртып, жаңы адабияттар менен толуктоо. | Квартал ичинде | Калпакова Г. |
| 2 | Эркин тандоо полкасынын окурмандардын суроо-талаптарын ойдогудай камсыз кылуу максатында жаңы кыргызча көркөм адабияттар менен толуктоо. | Квартал ичинде | Калпакова Г |

## КИТЕП КӨРГӨЗМӨЛӨР, БУРЧТАР

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Манас таануу бурчун уюштуруу. | Квартал ичинде | Калпакова Г |
| 2 | 2-ноябрь маданият кызматкерлеринин кесптик майрамына карата бурч уюштуруу. | Квартал ичинде | Калпакова Г |

## АҢГЕМЕ, БАЯНДАМА, ОБЗОР

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Чыңгыз Айтматов [illegible]-жыл. | Квартал ичинде | Калпакова Г |
| 2 | Кыз адеби-кымбат | Квартал ичинде | Калпакова Г, кыздар совети менен бирдикте |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | «Нооруз» майрамы | Квартал ичинде | Калпакова Г |
| 4 | 23-апрель китеп күнүнө карата китептерди оңдоо акциясы. | Квартал ичинде | Калпакова Г, Оңдоо ийриминин мүчөлөрү менен |
| 5 | 9-май Жеңиш күнү. Аталарды эскерүү. | Квартал ичинде | Калпакова Г. |

**КИТЕП ФОНДУ МЕНЕН ИШТӨӨ.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Китеп сакталуучу жайдагы китеп фондуну ирээтке келтирүү. | Квартал ичинде | Калпакова Г |
| 2 | Айрылган, тытылган китептерди ремонттоо. | 23-апрель | Калпакова Г, китеп оңдоо мүчөлөрү менен бирдикте |

*Китепканачы:* [signature] *Калпакова Г.*

Сканировано с CamScanner

Бекитемин
дир.
05.09.13

# Китепкананын негизги милдеттери.

Китепкана биздин руханий байлыгыбыз, элибиздин тарыхын, басып кон жолун доорлор менен кошо кочүп, үзүлбөй уланып келе жаткан үрп-атын, салт-санаасын, маданий, руханий кенчин сактоочу, аны элге айылтуучу, өнүктүрүп-өстүрүүчү маалыматтык борбор болуп эсептелет.

Китепкана китеп сактоочу жана китеп жыйноочу жай гана болбостон, курмандарды, алардын кызыкчылыгына жараша азыктандырып туруучу, ыгармачыл организм болушу керек.

Коомубуз ар тараптан өнүгүп жаткан бүгүнкү күндө жаш курмандардын ички тышкы саясатына, экономикасына, жаратылышына, көптү билген Адам болуп жетилишине мектеп китепканасы милдеттүү.

Кыргыз эли эзелтеден руханий дөөлөттөрдү баалаган, ата-бабабыздын тарыхын, маданий мурастарын кылымдардан-кылымга сактаган байыркы элдерден болобуз. Ал эми бүгүнкү күнгө чейин бул мурастар дүйнөлүк баалуулуктардын асыл нускаларда сакталып, улуттук кенчке айланып олтурат.

Кыргызстан элинин кылымдар бою калыптанып келген каада-салтына жана бийик руханий дөөлөттөрүнө негизденип, коомчулуктун жана Жогорку Кеңештин депутаттарынын кайрылууларын көңүлгө алып, ошондой эле өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө жана гүлдөп өсүшүнө жетишүү жарандарга татыктуу жашоо шартын түзүү ар бир үй-бүлөнүн, айылдын, шаардын жана райондун тургундарынын тынчтыгынан жана ынтымагынан башталаарын эске алды.

Ошондой эле Президентин жарлыгы менен «Кыргызстандын элинин тарыхий мурастарын окуп-үйрөнүү жана адамдарда өлкө үчүн жарандын атуулдук жана сыймыктануу сезимин тарбиялоо милдети Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири катары аныкталсын», деген токтом кабыл алынды.

Сканировано с CamScanner

**Окурмандарды тейлоону уюштуруу, адабияттарды пропагандалоо.**

окурмандар
штоо, китеп
жетекчилик
у уюштуруу.

Китеп-турмушту таанып билүүнүн, адамды тарбиялоонун эң зор куралы. Китеп откон турмушту иликтоого, келечекти коро билүүго жардам берет. Алар адамдын аң сезимине, акылына, жан дүйносүно, жүрогүно таасир эте ала турган зор күчко ээ. Адамзаттын бүткүл омүрүн китеп бетине калтырылып келген: уруулар, адамдар, мамлекеттер жок болуп кеткен учурларда да китеп сакталып калган. Ошондуктан китеп укумдан-тукумга берилүүчү мурас катары эсептелип келген. Ошондуктан мейли, өнүккон искусствонун жемишинен пайдаланалы, бирок бары бир китеп окуу маданияты жакшы онүкпогон, калыптанбаган жерде чыныгы билим, олуттуу илим, терең маданияттын болушу арсар. Демек осүп келе жаткан жаш муунду тарбиялоодо жана окутууда китеп коомдук онүгүштүн жол башчысы, ар бир элдин улуттук шам чырагы экендиги талашсыз.

ңеялык саясий
дабияттарды
ропагандалоо

Мамлекетибиз оз алдынча мамлекет болуп жарыялангандан берки мезгил ичинде балдар китепканасы өлкөбүздо жүрүп жаткан саясий экономикалык жан социалдык өзгөрүүлөрдүн алкагында иш жүргүзүлү китеп байлыгын көздүн карегиндей сактап жана бүгүн демократиялаңган коомдо жаш окурмандарды керект маалымат менен камсыз кылуудабыз.

Демек, мектеп китепканасы мамлекетибиз экономикасын, илим-билимин, маданиятын онүкт максатында: «Мекеним менин Кыргызстан», «Ма

Сканировано с CamScanner

менин мурасым», «Манас эпосу-кыргыз рухунун туу чокусу», «Үй бүлө-адептүүлүктүн башаты», «Нооруз-жаз майрамы», «Улуу Жеңиш унутулбайт», «Эне тил-улуттук ар намысыбыздын уюткусу», «Китепкана билим булагы», «СПИД-кылым коркунучу», «Кыргыз элинин тарыхий инсандары», «Маданият-мамлекеттин соолгус булагы», «Ар дайым китеп болсун», «Балам бактым, балам базарым», «Кут болсун элим эгемен», «Жашоонун түркүгү биздин асыл энелер» жана башка темаларда жыл ичинде китеп көргөзмө, бурч, плакат, турникет, угуза окуу, аңгеме, библиографиялык обзор, кече, баяндама өтүүгө жетишүү.

| | |
|---|---|
| таануу жана логиялык бияттарды пагандалоо | Адам жана табият ажырагыс, анткени адам өзү табияттын бир бөлүгү. Жаратылыш –бул биздин өмүрүбүз, дүйнөбүз, аны менен тыгыз байланышта болгондуктан, ага доо кетирүү адамдын өмүрүнө доо кетирүү менен барабар. Манас атабыздын жети осуятынын бири да дал ушул жаратылышка байланышып, «табият менен таттуу мамиледе болуу» деп айтылат. |

Жаратылыш биздин курчап турган айлана чөйрө, аба, суу, токой, тоо, жер, түн, күн, жаныбарлар.

Экологиялык билим берүүнүн башкы максаты-бул айлана чөйрөгө билгичтик менен мамиле жасоо, экологиялык маданияттуулукка тарбиялоо, курчап турган чөйрөдөгү жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоого, сактоого көндүрүү, мектептеги мугалимдердин гана эмес, жалпы аң сезимдүү адамдардын жана китепканачылардын да милдети.

Балдар китепканасында жыл ичинде «Ата журт ажары», «табият жашоо уңгусу», «Кыргызстандын дары

Сканировано с CamScanner

өсүмдүктөрү», «Ден соолук жашоо булагы», «Өз крайыңды үйрөн» жана башка темаларда китеп көргөзмө, бурч, плакат, аңгеме, угуза окуу, баяндама, кечелерди уюштуруу.

ди коргоого

обиялоо

Патриоттуулук, интернационализм, тилектештик деген түшүнүктөрдү кайра жаңыча ойлоп көрүүбүз зарыл. Чыныгы патриоттуулук Ата Мекенге болгон сүйүү болуп эсептелет.

Жаш муундарга өзгөчө актуалдуу патриоттук таалим-тарбияны ата-энеси да, коомчулук да берет.

Эр Манастан тартып, Курманжан Датка, Ормонхан, Исхак Разаков жана башкалар элге, жерге болгон сүйүүсүн өзүнүн чыныгы жүрөгү менен өткөргөн легендарлуу патриот менен жүзөгө ашырууга болот.

Жаштардын патриоттуулук сезимдерин чыңдоо, азыркы ааламдаштыруу доорунда прогрессивдүү илим-билимге тынымсыз умтулууга үндөө жана эл жерине татыктуу жаран катары кызмат кылууга багыт берүү максатында:

«Ата Мекендин карегинде, жүрөктүн тереңинде», «Эрдикке таазим», «Чептен эрдин күчү бек», ж.б. темаларда китеп көргөзмө, бурч угуза окуу, обзор, баяндама уюштуруу.

уттар аралык

лдик жонундогу

тарбиялтарды

юпагандалоо.

Кыргызстан көп улуттуу мамлекет.

Апрель, июнь окуяларынан кийин, бүгүнкү күндө абалы стабилдештирүү өтө актуалдуу маселеге айланууда. Ошондуктан бардык улуттарды кыргыз улутунун айланасына баш коштуруу, этностор аралык ынтымакка жетишүү максатында балдар китепканасында жыл ичинде «Ырыс алды ынтымак», «Улуттуу адам олбойт», «Мекенин

Сканировано с CamScanner

сүйгөн сый корот», «Билимдүү жаштар улут байлыгы» деген темаларда китеп коргозмо, бурч, ангеме, баяндама отүү.

**адабияттарды**
**агаиалоо**

Ар бир улутту эл катары сактап келген анын корком онору, санжыралуу тарыхы, адабий*маданий доолоттору, чыгармачылыгы. Биз санжыра аркылуу ата-бабаларыбыздын тарыхын, турмушун, элибиздин дүйнө элдеринен айрымаланган салт-санаасын, маданий чеберчилигин үйрөнө алабыз.

Корком адабият адамдарга тез таасир этүүчү, акыл сезимди остүрүүчү, жан дүйносүн байытуучу соз онору болуп эсептелет. Бул үчүн китепканага жаш окурмандарды тартуудагы уюштуруучулук иштеринин бардык түрлөрүн пайдаланып «Жылдын маареке ээлери», «Эл ичи онор кенчи», «Ч.Айтматов-кыргыз сыймыгы», «Улут түркүгү эне тил», «Таазим сага күн мээримдүү апалар», «Акыл дүйносүнө саякат», «Жомок артынан жомок», «Бөкбоктор силер үчүн», «Кыргыз мурастары кылымга жашайт», «Санжыра кыргыз элинин тарыхы» ж.б. темаларда китеп көргөзмө, бурч, плакат, баяндама, кече уюштуруу.

**икалык корком**
**гармачылык**

Эстетикалык тарбия дегенибиз балдарга эстетикалык сезимдерди сиңирүүчү, эмгекчил адам менен жаратылышты, адабият менен искусствонун корүнүшторүно болгон эң сонун нерселерди терең түшүно билүүго үйротүү болуп саналат.

Жаш оспүрүмдөрдү китепканага тартууда эстетикалык тарбия берүү менен балдарды искусствону түшүнүп, сүйло жана баалай билүүсүнө жетишүү.

Сканировано с CamScanner

Искусство –бул сонундардын сонуну, адамзаттын руханий маданияты менен чыгармачылык кызматынын маанилүү элементи.

Ага сүрөт өнөрү, музыка, театр, көрком адабият, кино, архитектура кирет. Бул багытта: «Көрком кол өнөрчүлүк», «Өркөнү өскөн маданият», «Силер билесиңерби?», «Кыргыз эл оюндары», «Өспүрүмдөр оюндары», «Эл ичи өнөр кенчи» ж.б. темаларда китеп көргөзмө, бурч плакат, аңгеме, обзор, баяндама, кече уюштуруу.

*Мектеп китепканачысы:* *Калпакова Г.*

Сканировано с CamScanner